

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
7-ноябры

№85 (3741)

www.erkin-too.kg


# ПРЕЗИДЕНТ "C5+1" ФОРМАТЫНДАГЫ ЖЫЙЫНГА КАТЫШАТ



***Президент Садыр Жапаров кечээ Президент Дональд Трамптын чакыруусу боюнча Америка Кошмо Штаттарына иш сапары менен барды.***

Президент Садыр Жапаровду АКШнын мамлекеттик катчысынын Түштүк жана Борбордук Азия иштери боюнча жардамчысы Пол Капур жана башка расмий адамдар тосуп алышты.

Сапардын жүрүшүндө Садыр Жапаров "C5+1" форматындагы мамлекет башчыларынын кезектеги жыйынына катышат. Иш-чара "C5+1" диалог платформасынын 10 жылдык маарекесине карата уюштурулуп, ошондой эле Борбордук Азия өлкөлөрү менен Америка Кошмо Штаттарынын ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүү маселелери боюнча пикир алмашууга багытталган.

Ошондой эле Кыргызстандын Президенти Садыр Жапаров менен Америка Кошмо Штаттарынын Президенти Дональд Трамптын эки тараптуу жолугушуусу пландаштырылууда.




## Электр энергиясын сарамжалдуу пайдаланышыбыз керек

***Министрлер Кабинети энергетикалык натыйжалуулукту жогорулатуу жана электр энергиясын сарамжалдуу пайдалануу боюнча чараларды киргизүүдө. Бул чаралардын алкагында административдик мамлекеттик мекемелердин ички жана тышкы жарыктандыруусун жана электр приборлорун саат 18:00дөн 6:00гө чейин максатка ылайыктуу жөнгө салуу жөнүндө чечим кабыл алынды.***

Бул чаралар имараттардын технологиялык турмуш-тиричилиги үчүн өтө маанилүү болгон процесстерге таасир этпейт, ошондой эле стратегиялык объектилерге жана күнү-түнү иштеген, коргоону, коопсуздукту, саламаттыкты сактоону, социалдык коргоону жана калктын жашоосун камсыз кылган уюмдарга жайылтылбайт.

Бул чараларды ишке ашыруу энергетикалык натыйжалуулукту кыйла жогорулатып, ай сайын болжол менен 40 миллион киловатт/саат электр энергиясын үнөмдөөгө мүмкүндүк берет деп болжолдонууда.

## Элдик Курултай жакындады

***КР Мамлекеттик катчысы Марат Иманкуловдун төрагалыгы алдында Элдик Курултайды өткөрүү, делегаттарды шайлоо жана координациялоо боюнча уюштуруу комитетинин кезектеги жыйыны болуп, катышуучулар IV Элдик Курултайга даярдык көрүүгө тиешелүү негизги маселелерди, ошондой эле аны жогорку деңгээлде өткөрүүгө багытталган чаралардын комплексин талкуулашты.***

Мамлекеттик катчы Марат Иманкулов жыйынды ачып, алдыдагы Курултай коом менен мамлекеттик институттардын ортосундагы ачык жана конструктивдүү диалог үчүн, ишенимди жана өз ара аракеттенүүнү бекемдөөгө өбөлгө түзүүчү натыйжалуу аянтча болууга тийиштигин белгиледи.

Белгилей кетсек, делегаттарды шайлоо республиканын 231 айылдык аймагында жана 33 шаарында өтүп, IV Элдик Курултайдын өкүлчүлүктүү курамын түзүүдө маанилүү этап болуп калды. Анын жыйынтыгында өлкөнүн бардык аймактарынан келген жарандардын кеңири пикирин жана кызыкчылыктарын чагылдырган 700 делегат элдин атынан чыгып сүйлөөгө укук алды.

**Зулпукаар САПАНОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИНЕ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине (“Эркин-Тоо” гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

төмөнкүдөй мазмундагы $371^1$-берене менен толукталсяын:

“$371^1$-берене. Жаза аткаруу тутумунун мекемесинде же тергөө изоляторунда кармалып турган адамга мобилдик жана башка байланыш каражаттарын берүү

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 446-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган укук бузууну мурда жасаган адам тарабынан маалыматтарды берүү үчүн колдонулуучу мобилдик жана башка байланыш каражаттарын жаза аткаруу тутумунун мекемесинде же тергөө изоляторунда кармалып турган адамга кандай болбосун ыкма менен берүү же болбосо берүүгө аракет кылуу -

500дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейинки өлчөмдө айып салууга же болбосо элүү сааттан эки жүз саатка чейин коомдук иштерге же эки жылдан беш жылга чейин эркиндигинен ажыратууга жазаланат.”.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине (“Эркин-Тоо” гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 31-беренесинин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацында “$413^2$ жана $413^3$-беренелеринде” деген сөздөр “$413^2$, $413^3$ жана 446-беренелеринде” деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 446-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“446-берене. Жаза аткаруу тутумунун мекемесинде же тергөө изоляторунда кармалып турган адамга тыюу салынган предметтерди берүү

1. Ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган учурларды кошпогондо, жаза аткаруу тутумунун мекемесинде же тергөө изоляторунда кармалып турган адам тарабынан аларды сатып алууга, сактоого же пайдаланууга мыйзамда тыюу салынган предметтерди, заттарды же тамак-аш азыктарын аталган адамга кандай болбосун ыкма менен берүү же берүүгө аракет кылуу -

тыюу салынган предметтерди, заттарды же тамак-аш азыктарын убактылуу алып коюу менен жеке жактарга 200 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.

2. Жаза аткаруу тутумунун мекемесинде же тергөө изоляторунда кармалып турган адамга мобилдик жана маалыматтарды берүү үчүн колдонулуучу башка байланыш каражаттарын кандай болбосун ыкма менен берүү же берүүгө аракет кылуу, эгерде бул аракеттер кылмыш-жаза жоопкерчилиги каралган жосундардын белгилерин камтыбаса -

укук бузуу предметин убактылуу алып коюу менен жеке жактарга 300 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.”.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-ноябры, №249***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В УГОЛОВНЫЙ КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ, КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ПРАВОНАРУШЕНИЯХ)

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Внести в Уголовный кодекс Кыргызской Республики (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующее изменение:

дополнить статьей $371^1$ следующего содержания:

«Статья $371^1$. Передача мобильных и иных средств связи лицу, содержащемуся в учреждении уголовно-исполнительной системы или следственном изоляторе

Передача либо попытка передачи любым способом лицу, содержащемуся в учреждении уголовно-исполнительной системы или следственном изоляторе, мобильных и иных средств связи, используемых для передачи данных, совершенная лицом, ранее совершившим правонарушение, предусмотренное частью 2 статьи 446 Кодекса Кыргызской Республики о правонарушениях, -

наказывается штрафом в размере от 500 до 1000 расчетных показателей либо общественными работами от пятидесяти до двухсот часов или лишением свободы от двух до пяти лет.».

**Статья 2**

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:

1) в абзаце втором части 3 статьи 31 слова «$413^2$ и $413^3$» заменить словами «$413^2$, $413^3$ и 446»;

2) статью 446 изложить в следующей редакции:

«Статья 446. Передача запрещенных предметов лицу, содержащемуся в учреждении уголовно-исполнительной системы или следственном изоляторе

1. Передача либо попытка передачи любым способом лицу, содержащемуся в учреждении уголовно-исполнительной системы или следственном изоляторе, предметов, веществ или продуктов питания, приобретение, хранение или использование которых указанным лицом запрещено законом, за исключением случаев, предусмотренных частью 2 настоящей статьи, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 200 расчетных показателей с временным изъятием запрещенных предметов, веществ или продуктов питания.

2. Передача либо попытка передачи любым способом лицу, содержащемуся в учреждении уголовно-исполнительной системы или следственном изоляторе, мобильных и иных средств связи, используемых для передачи данных, если эти действия не содержат признаков деяний, за которые предусмотрена уголовная ответственность, -

влечет наложение штрафа на физических лиц в размере 300 расчетных показателей с временным изъятием предмета правонарушения.».

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 3 ноября 2025 года, №249***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 58-беренесинин 6-бөлүгүндө «209-беренесинин 3 жана 4-бөлүктөрүндө» деген сөздөр «209-беренесинде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 88-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2) кылмыш аркылуу келтирилген зыяндын ордун толтурганда;»;

3) 92-беренесинин 6-бөлүгү «ошондой эле» деген сөздөрдөн кийин «алдамчылык.» деген сөз менен толукталсын;

4) 209-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«209-берене. Алдамчылык

1. Алдамчылык, башкача айтканда, алдоо же ишенимди кыянаттык менен пайдалануу жолу менен башка бирөөнүн мүлкүн же мүлккө болгон укугун ээлеп алуу, ошого тете келишимдик милдеттенмелерди атайылап аткарбоо менен байланышкан олуттуу эмес өлчөмдө жасалган алдамчылык, -

500дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же алты айдан бир жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштарына, же бир жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган төмөнкүдөй жасалган жосун:

1) олуттуу өлчөмдө;

2) адамдардын тобу тарабынан;

3) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан;

4) маалыматтык-коммуникациялык технологияларды же Интернет тармагын пайдалануу менен, -

мүлкүн конфискациялоо менен эки жылдан төрт жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган төмөнкүдөй жасалган жосун:

1) ири өлчөмдө;

2) эки же андан көп адамдарга карата,-

мүлкүн конфискациялоо менен беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

4. Ушул берененин 1, 2 же 3-бөлүктөрүндө каралган төмөнкүдөй жасалган жосундар:

1) өзгөчө ири өлчөмдө;

2) уюшкан топ тарабынан;

3) кылмыштуу коомдоштуктун курамында;

4) кызматтык абалын пайдалануу менен, -

мүлкүн конфискациялоо менен үч жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен сегиз жылдан он эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**Эскертүү.** Менчик ээсине же башка ээлик кылуучуга келишимдик милдеттенмелерди атайылап аткарбоодон ал келтирген зыяндын ордун ыктыярдуу толтурган учурда, эгерде анын аракеттеринде башка кылмыштын белгилери болбосо, мындай адам кылмыш-жаза жоопкерчилигинен жана жазадан бошотулат.»;

5) 370-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«500дөн 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же болбосо үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.».

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-ноябры, №250***

### ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В УГОЛОВНЫЙ КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Внести в Уголовный кодекс Кыргызской Республики (газета «Эркин-Тоо» 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:

1) в части 6 статьи 58 слова «частями 3 и 4 статьи 209» заменить словами «статьей 209»;

2) пункт 2 части 2 статьи 88 изложить в следующей редакции:

«2) возместившему ущерб, причиненный преступлением;»;

3) часть 6 статьи 92 после слов «а также преступлений -» дополнить словом «мошенничество,»;

4) статью 209 изложить в следующей редакции:

«Статья 209. Мошенничество

1. Мошенничество, то есть завладение чужим имуществом или правом на имущество путем обмана или злоупотребления доверием, а равно мошенничество, сопряженное с преднамеренным неисполнением договорных обязательств, совершенное в незначительном размере, -

наказывается штрафом от 500 до 1000 расчетных показателей или исправительными работами на срок от шести месяцев до одного года, или лишением свободы на срок до одного года.

2. Деяние, предусмотренное частью 1 настоящей статьи, совершенное:

1) в значительном размере;

2) группой лиц;

3) группой лиц по предварительному сговору;

4) с использованием информационно-коммуникационных технологий или сети Интернет, -

наказывается лишением свободы на срок от двух до четырех лет с конфискацией имущества.

3. Деяние, предусмотренное частью 1 настоящей статьи, совершенное:

1) в крупном размере;

2) в отношении двух и более лиц, -

наказывается лишением свободы на срок от пяти до семи лет с конфискацией имущества.

4. Деяния, предусмотренные частями 1, 2 или 3 настоящей статьи, совершенные:

1) в особо крупном размере;

2) организованной группой;

3) в составе преступного сообщества;

4) с использованием служебного положения, -

наказываются лишением свободы на срок от восьми до двенадцати лет с конфискацией имущества, с лишением права занимать определенные должности или заниматься определенной деятельностью сроком до трех лет.

**Примечание.** В случае добровольного возмещения лицом ущерба, причиненного им собственнику или иному владельцу преднамеренным неисполнением договорных обязательств, если его действия не содержат признаков иного преступления, такое лицо освобождается от уголовной ответственности и наказания.»;

5) абзац второй части 1 статьи 370 изложить в следующей редакции:

«наказывается штрафом от 500 до 1000 расчетных показателей либо лишением свободы на срок от трех до пяти лет.».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 3 ноября 2025 года, №250***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 136-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«136-берене. Ден соолукка жеңил залал келтирүү

1. Ден соолуктун кыска убакытка бузулуусуна же эмгекке жарамдуулукту олуттуу эмес туруктуу жоготууга алып келген ден соолукка жеңил залал келтирүү, -

200дөн 500 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга же кырк сааттан жүз саатка чейин коомдук иштерге тартууга жазаланат.

2. Адамга карата анын кызматтык, кесиптик ишин жүзөгө ашыруусуна же коомдук милдетин аткаруусуна байланыштуу жасалган ушундай эле жосун, -

500дөн 1 000 эсептик көрсөткүчкө чейин айып салууга жазаланат.»;

2) 280-беренenin 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 6-пункт менен толуктaлсын:

«6) адамга карата анын кызматтык, кесиптик ишин жүзөгө ашыруусуна же коомдук милдетин аткаруусуна байланыштуу жасалса, -».

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-ноябры, №251***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В УГОЛОВНЫЙ КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Внести в Уголовный кодекс Кыргызской Республики (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:

1) статью 136 изложить в следующей редакции:

«Статья 136. Причинение легкого вреда здоровью

1. Причинение легкого вреда здоровью, повлекшее кратковременное расстройство здоровья или незначительную стойкую утрату трудоспособности, -

наказывается штрафом от 200 до 500 расчетных показателей либо привлечением к общественным работам от сорока до ста часов.

2. То же деяние, совершенное в отношении лица в связи с осуществлением им служебной, профессиональной деятельности или выполнением общественного долга, -

наказывается штрафом от 500 до 1 000 расчетных показателей.»;

2) часть 2 статьи 280 дополнить пунктом 6 следующего содержания:

«6) в отношении лица в связи с осуществлением им служебной, профессиональной деятельности или выполнением общественного долга, -».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 3 ноября 2025 года, №251***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА («ДАРЫ КАРАЖАТТАРЫН ЖҮГҮРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ», «МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМДАРДЫ ЖҮГҮРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 24-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

«Дары каражаттарын жүгүртүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына («Эркин-Тоо» гезити, 2024-жылдын 16-январы, №4) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

17-беренеде:

а) 3-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Тездетилген каттоо жол-жобосу төмөнкүлөргө карата колдонулат:

- стратегиялык жактан маанилүү дары каражаттарына;
- Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн дары каражаттарына.»;

б) төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$-бөлүк менен толуктaлсын:

«$3^1$. Автоматтык каттоо жол-жобосу төмөнкүлөргө карата колдонулат:

- Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун алдын ала квалификацияланган дары каражаттарынын тизмегине киргизилген дары каражаттарына, ошондой эле АКШнын Тамак-аш продуктулары жана дары каражаттары боюнча администрациясы (FDA), Медицина продуктулары боюнча Европа агенттиги (EMA) (борборлоштурулган жол-жобо боюнча), Япониянын Дары каражаттары жана медициналык багыттагы продуктулар боюнча агенттиги (PMDA), Швейцариянын Терапевдик продуктулар агенттиги (Swissmedic) жана Улуу Британиянын Дары каражаттары жана медициналык багыттагы продуктуларды жөнгө салуу боюнча агенттиги (MHRA) сыяктуу жөнгө салуучу органдар тарабынан катталган дары каражаттарына;
- орфандык дары препараттарына;
- Министрлер Кабинети менен келишим (макулдашуу, меморандум) түзгөн, Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) тарабынан уюштурулган уюмдар (өкүлчүлүктөр) аркылуу сатып алынган дары каражаттарына.

Дары каражаттарын тездетилген жана автоматтык каттоо жол-жобосун жүргүзүүнүн, ошондой эле дары каражаттарын тездетилген жана автоматтык каттоо жүргүзүү үчүн төлөмдүн өлчөмүн аныктоонун тартиби Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.».

**2-берене**

«Медициналык буюмдарды жүгүртүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына («Эркин-Тоо» гезити, 2024-жылдын 12-январы, №3) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

18-беренenin 3-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Медициналык буюмдарды жүгүртүү чөйрөсүндө инспекциялоонун тартиби жана медициналык буюмдарды өндүрүүнү инспекциялоо үчүн төлөмдүн өлчөмүн аныктоонун тартиби Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.».

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 3-ноябры, №252***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ ОБРАЩЕНИИ ЛЕКАРСТВЕННЫХ СРЕДСТВ», «ОБ ОБРАЩЕНИИ МЕДИЦИНСКИХ ИЗДЕЛИЙ»)

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 24 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об обращении лекарственных средств» (газета «Эркин-Тоо» от 16 января 2024 года №4) следующие изменения:

в статье 17:

а) часть 3 изложить в следующей редакции:

«3. Ускоренная процедура регистрации применяется к:

- стратегически важным лекарственным средствам;
- лекарственным средствам, произведенным на территории Кыргызской Республики.»;

б) дополнить частью $3^1$ следующего содержания:

«$3^1$. Автоматическая процедура регистрации применяется к:

- лекарственным средствам, включенным в перечень преквалифицированных лекарственных средств Всемирной организации здравоохранения, а также лекарственным средствам, зарегистрированным такими регуляторными органами, как Администрация по пищевым продуктам и лекарственным средствам США (FDA), Европейское агентство по медицинским продуктам (EMA) (по централизованной процедуре), Агентство по лекарственным средствам и продуктам медицинского назначения Японии (PMDA), Агентство терапевтических продуктов Швейцарии (Swissmedic) и Агентство по регулированию лекарственных средств и продуктов медицинского назначения Великобритании (MHRA);
- орфанным лекарственным препаратам;
- лекарственным средствам, приобретаемым через организации (представительства), учрежденные Организацией Объединенных Наций (ООН), заключившие договор (соглашение, меморандум) с Кабинетом Министров.

Порядок проведения ускоренной и автоматической процедуры регистрации лекарственных средств, а также определения размера оплаты за проведение ускоренной и автоматической регистрации лекарственных средств устанавливается Кабинетом Министров.».

**Статья 2**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об обращении медицинских изделий» (газета «Эркин-Тоо» от 12 января 2024 года №3) следующее изменение:

абзац второй части 3 статьи 18 изложить в следующей редакции:

«Порядок инспектирования в сфере обращения медицинских изделий и порядок определения размера платы за инспектирование производства медицинских изделий утверждаются Кабинетом Министров.».

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 3 ноября 2025 года, №252***

## ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН БАРГАН ЖЕРИ БОЮНЧА КАТТООСУНА БАЙЛАНЫШКАН МАМЛЕКЕТТИК АЛЫМДАРДЫ ЖАНА БАШКА ТӨЛӨМДӨРДҮ ТӨЛӨӨ МАСЕЛЕЛЕРИН УБАКТЫЛУУ ЖӨНГӨ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

**ЖАРЛЫГЫ**

Өлкөнүн транзиттик потенциалын жана инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" темир жол компаниясы" жоопкерчилиги чектелген коомунун ортосундагы Кыргыз Республикасында Торугарт – Жалал-Абад темир жолун долбоорлоо, куруу, каржылоо, эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө боюнча инвестициялык макулдашууну ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $31^1$-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** 2025-жылдын 6-ноябрынан тартып 2026-жылдын 31-октябрына чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" темир жол компаниясы" жоопкерчилиги чектелген коомунун ортосундагы Инвестициялык макулдашууну ишке ашырууга тартылган чет өлкөлүк кызматкерлерди барган жери боюнча каттоого байланышкан мамлекеттик алымдарды жана башка төлөмдөрдү төлөөдөн бошотуу боюнча маселелерди убактылуу жөнгө салуу киргизилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Кызмат" мамлекеттик мекемеси, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети ушул Жарлыктан келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**3.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул Жарлык расмий жарыяланууга тийиш жана 2025-жылдын 6-ноябрынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №303***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 1-МАРТЫНДАГЫ №999-VII ТОКТОМУ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН 2023–2025-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МАМЛЕКЕТТИК МЕНЧИКТИ МЕНЧИКТЕШТИРҮҮ ПРОГРАММАСЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-статьясына, “Мамлекеттик менчикти менчиктештирүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 91-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2023-жылдын 1-мартындагы №999-VII токтому менен бекитилген 2023–2025-жылдарга Кыргыз Республикасында мамлекеттик менчикти менчиктештирүү программасына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда көрсөтүлгөн Программанын 1-тиркемесинде:

- $8^2$-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;
- төмөнкүдөй мазмундагы $8^3$-пункт менен толукталсын:

“

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| $8^3$ | “Кумтөр Оперейтинг Компани” ЖАК *Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 13-октябрындагы №882-т тескемесине ылайык “Кыргызалтын” ААКтын уставдык капиталына салым катары киргизүү үчүн | 200100,0 | 100,0 | 100,0 |

”;

2) жогоруда көрсөтүлгөн Программанын 2-тиркемеси төмөнкүдөй мазмундагы 3-пункт менен толукталсын:

“

| | | |
|---|---|---|
| 3 | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Ала-Тоо Резорт” мамлекеттик ишканасы | Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы |

”;

3) жогоруда көрсөтүлгөн Программанын 3-тиркемесинде:

– $4^2$-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жиберилсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 31-октябры, №712***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНИН САНАРИПТИК ИНФРАСТРУКТУРАНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ, МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ ЖАНА БАЙЛАНЫШТЫ ИННОВАЦИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ ФОНДУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин 179-беренесинин 4-бөлүгүн, “Почта байланышы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесин ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигинин Санариптик инфраструктураны өнүктүрүү, маалыматтык технологияларды жана байланышты инновациялык өнүктүрүү фонду жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 14-июнундагы №29 “Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин айрым маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– 1-пункт күчүн жоготту деп таанылсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-ноябры, №713***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2004-ЖЫЛДЫН 9-АВГУСТУНДАГЫ №578 “ЖОЛ-ТРАНСПОРТ КЫРСЫКТАРЫН КАТТОО ЭРЕЖЕЛЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жол-транспорт кырсыктарын эсепке алууда статистикалык отчеттуулукту тартипке келтирүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004-жылдын 9-августундагы №578 “Жол-транспорт кырсыктарын каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Жол-транспорт кырсыктарын каттоо эрежелеринде:

– 3-пунктта:

алтынчы, жетинчи абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“каза болгон – жол-транспорт окуясы болгон жерде каза болгон же анын кесепетинен улам 30 сутканын ичинде өлгөн, каза болушуна жол-транспорт кырсыгынын натыйжасында алган жаракаттары себепкер экенин соттук-медициналык экспертизанын корутундусу ырастаган адам;

жарадар – жол-транспорт кырсыгынын натыйжасында анын ооруканага бир суткадан кем эмес мөөнөткө түшүшүн шарттаган дене жаракаттарын алган, анын ичинде жол-транспорт кырсыгы болгон учурдан тартып үч суткадан кечиктирбестен дарылоочу-профилактикалык мекемелерге кайрылган, ошондой эле кырсык менен алынган жаракаттардын ортосундагы себеп-натыйжа байланышын ырастаган медициналык корутунду (анын ичинде соттук-медициналык экспертизанын) болсо, көрсөтүлгөн мөөнөт аяктагандан кийин кайрылган адам;”;

төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“башкалар – кырсык болгон жерде алгачкы дарылоодон же амбулаториялык кабыл алуудан тышкары, ооруканага жаткырууну талап кылбаган жеңил жаракат (чийилген так, сыйрык, көгөрүү) алган адамдар.

Эскертүү: жеңил жаракат алган адамдар жөнүндө маалыматтар (“башкалар” категориясы) өзүнчө жүргүзүлөт жана негизги статистикалык отчетко киргизилбейт.”;

– 6-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“– M2 жана M3 категорияларындагы жүрүп бара жаткан транспорт каражаттарынын, ошондой эле шаардык жана шаар четиндеги каттамдарда жүргүнчүлөрдү ташууну жүзөгө ашырган троллейбустардын ичинде жүргүнчүлөрдүн кулашынын натыйжасында, алардын өмүрү жана ден соолугу үчүн болгон кесепеттерге карабастан, мындай транспорт каражаттарын башкарган айдоочулар тарабынан, ошондой эле жол кыймылынын башка катышуучулары тарабынан транспорт каражатын пайдалануу эрежелерин бузуулар болбогон учурда, бул кырсыктардын башка катышуучулары каза болбогон жана (же) жаракат албаган шартта;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык берилген ыйгарым укуктардын чегинде жасалган транспорт каражаттарын мажбурлап токтотууну жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу кызмат адамдарынын иш-аракеттеринин натыйжасында.”;

– 27-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– өлүмгө учуроого жол-транспорт кырсыгынын натыйжасында алган жаракаттары себепкер экендигин ырастаган соттук-медициналык экспертизанын корутундусу болсо, жол-транспорт кырсыктарында алган жаракаттарынан жол-транспорт кырсыгы болгон датадан тартып 30 сутканын ичинде каза болгондор тууралуу.”.

**2.** Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги өздөрүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 4-ноябры, №714***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АСКЕР КОМИССАРИАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14, 15, 17-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын аскер комиссариаттары жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 13-апрелиндеги №201 “Кыргыз Республикасынын Аскер комиссариаттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 11-декабрындагы №824 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 13-апрелиндеги №201 “Кыргыз Республикасынын Аскер комиссариаттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-апрелиндеги №204 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 13-апрелиндеги №201 “Кыргыз Республикасынын Аскер комиссариаттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 25-декабрындагы №616 “Соттук реформанын алкагында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын кодекстерине шайкеш келтирүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун 1-пункту.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 4-ноябры, №715***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 14-АПРЕЛИНДЕГИ №223 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТРАНСПОРТ ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ЖЕРДЕ ЖҮРҮҮЧҮ ЖАНА СУУ ТРАНСПОРТУ ДЕПАРТАМЕНТИ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Транспорт чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды системалаштыруу жана иретке келтирүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги №223 “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти жөнүндө жободо:

– 8-пунктта “Исанов көчөсү, 42” деген сөздөр “М. Горький көчөсү, 1” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 11-пункттун 2-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“– Кыргыз Республикасынын көлмөлөрүндөгү суу транспортунун, порттордун, базалардын жана курулмалардын реестрин жүргүзүү;

– Евразия экономикалык бирлигинин техникалык регламентинин талаптарына жооп берген чакан кемелердин классификациясы жөнүндө күбөлүктөрдүн бирдиктүү реестрин жүргүзүү;”.

**2.** Бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги үчүн бекитилген штаттык сандын жана республикалык бюджетте тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 4-ноябры, №717***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО
№85 (3741)
2025-жылдын 7-ноябры


## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АВТОТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫ МЕНЕН ИРИ КӨЛӨМДӨГҮ ЖАНА ООР САЛМАКТАГЫ ЖҮКТӨРДҮ ТАШУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Автомобиль жолдорунун сакталышын камсыз кылуу жана жүк ташуучу автомобиль ташууларынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-августундагы №454 “Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунан транспорттук каражаттарды өткөрүү жана Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдору боюнча жүрүү үчүн белгиленген ченемден ашкан транспорт каражаттарынын максималдуу өлчөмдөрүн жана башка линиялык параметрлерин таразалоодо жана өлчөөдө жыйымдарды алуу тартибин жана Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунан атайын жана бөлүнбөс жүгү бар транспорт каражаттарын өткөрүү жана өткөрүүдө жыйымдарды алуу тартибин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Оор салмактагы жана чоң көлөмдөгү жүктөрдү ташууну жүзөгө ашыруучу транспорт каражаттарынын, атайын транспорт каражаттарынын автомобиль жолдоруна келтирген зыянынын жана залалынын өлчөмүн белгилөөнүн жана ордун толтуруунун тартибинде:

– 12-пункттун бешинчи, алтынчы абзацтары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– транспорт жана жол чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жол органдарынын;

– Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун республикалык бюджеттин жана (же) инвестициялык каражаттардын эсебинен курууну, реконструкциялоону, капиталдык жана орточо оңдоону жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги тарабынан тартылуучу подряддык уюмдардын.”.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 3-февралындагы №60 “Автомобиль транспорту менен ири өлчөмдөгү жана оор салмактагы жүктөрдү ташуу эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Автомобиль транспорту менен ири өлчөмдөгү жана оор салмактагы жүктөрдү ташуу эрежелеринде:

– 5-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Атайын уруксат алуу үчүн документтердин тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 8-августундагы №454 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунан бөлүнбөс жүгү бар транспорт каражаттарын, атайын транспорт каражаттарын өткөрүү жана өткөрүүдө жыйымдарды алуу тартиби менен белгиленет.”;

– 21-пунктта “жана медициналык кароодон” деген сөздөр алып салынсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 5-ноябры, №720***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 30-ИЮНУНДАГЫ №352 “2022–2026-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНА ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫ ТАРТУУ БОЮНЧА ПРОГРАММАНЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

“Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №352 “2022–2026-жылдарга Кыргыз Республикасына инвестицияларды тартуу боюнча программаны бекитүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункт төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

“– Программанын бюджети 4-тиркемеге ылайык.”;

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген 2022–2026-жылдарга Кыргыз Республикасына инвестицияларды тартуу боюнча программаны ишке ашыруунун иш-чаралар планында:

– 1-пункттун 1.2-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 20-пунктта “2024-жылдын 31-декабрына чейин” деген сөздөр “2026-жылдын 31-декабрына чейин” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 21-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

– 27-пунктта “ТИМ,” деген сөздөр алып салынсын;

– 32-пункттун 32.2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 32.2. Өнөр жай ишканалары үчүн инвестициялык пакеттердин (инвестициялык лоттордун) системасын киргизүү, анын ичинде инвесторлорго даяр инфраструктурасы жана иш жүргүзүүгө уруксат берүүчү зарыл болгон документтери бар жер тилкесин берүү | 2026-жылдын 31-декабрына чейин | Кеминде 4 инвестициялык лотту даярдоо | Донорлордун каражаттарын тартуу | ПИУА, ЭКМ, ЖРЭТКМ, КРП ЫУӨ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) |

”;

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтомдун 4-тиркемесинде:

– 1-пункттун 1.2-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

– 20-пунктта “2024-жылдын 31-декабрына чейин” деген сөздөр “2026-жылдын 31-декабрына чейин” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 21-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

– 27-пунктта “ТИМ,” деген сөздөр алып салынсын;

– 32-пункттун 32.2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 32.2. Өнөр жай ишканалары үчүн инвестициялык пакеттердин (инвестициялык лоттордун) системасын киргизүү, анын ичинде инвесторлорго даяр инфраструктурасы жана иш жүргүзүүгө уруксат берүүчү зарыл болгон документтери бар жер тилкесин берүү | 2026-жылдын 31-декабрына чейин | ПИУА, ЭКМ, ЖРЭТКМ, КРП ЫУӨ, ЖӨБО (макулдашуу боюнча) | млн сом | 150 | 0 | 0 | 150 | 0 | 0 | 150 |

”.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №722***

## САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН ОРГАНДАРЫНЫН ТУУСУ ЖАНА СИМВОЛИКА БЕЛГИСИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН САЛЫК КЫЗМАТЫНЫН ОРГАНДАРЫНЫН УЮШТУРУУ ИШТЕРИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Салык кызматынын органдарына ведомстволук таандыктыгын аныктоочу туу жана символика белгиси жөнүндө жобону бекитүү, салык кызматынын органдарынын уюштуруучулук ишин өркүндөтүү максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Салык кызматынын органдарынын туусу жана символика белгиси жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинин $19^7$-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

| | | | |
|---|---|---|---|
| $19^7$ | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы | 3332 | 454 |
| | анын ичинде: | | |
| | борбордук аппарат | 409 | 42 |
| | аймактык жана функционалдык бөлүмдөр | 2752 | 409 |
| | ведомстволук бөлүмдөр | 171 | 3 |

”.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №134 “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы “Салык Сервис” мамлекеттик мекемеси жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы “Салык Сервис” мамлекеттик мекемеси жөнүндө жободо:

– 18-пунктта “министр менен макулдашылган” деген сөздөр алып салынсын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-сентябрындагы №592 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын башкаруу схемасы 2-тиркемеге ылайык баяндалсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик салык кызматы:

1) ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн;

2) өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**6.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 29-июнундагы №305 “Кыргыз Республикасынын салык кызматынын желеги жана символика белгилери жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 15-октябрындагы №642 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык инспекциясынын кызматкерлери үчүн форма кийимдери жана айырмалоо белгилери жөнүндө” токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 11-октябрындагы №236 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 15-октябрындагы №642 “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык инспекциясынын кызматкерлери үчүн форма кийимдери жана айырмалоо белгилери жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” токтому.

**7.** Бул токтом 2025-жылдын 6-октябрынан тартып күчүнө кирүүчү 2 жана 4-пункттарды кошпогондо, расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №721***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК БОЛЖОЛДОО СИСТЕМАСЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ БОЛЖОЛУН ИШТЕП ЧЫГУУ ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолдорун иштеп чыгууну өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 81¹-беренесинин 1-бөлүгүнө, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик болжолдоо системасы (мындан ары – Система) 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолун иштеп чыгуу тартиби (мындан ары – Тартип) 2-тиркемеге ылайык.

**2.** Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары жана мамлекеттик бийликтин башка органдары социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн тиешелүү болжолдорун иштеп чыгууда ушул токтом менен бекитилген Системаны жана Тартипти жетекчиликке алсын.

**3.** Илимий-билим берүү уюмдарына жана мекемелерине, жеке ишканаларга/уюмдарга, мамлекеттин катышуусу бар чарбалык субъекттерге социалдык-экономикалык өнүктүрүү болжолдорун иштеп чыгууда ушул токтом менен бекитилген Системаны жана Тартипти жетекчиликке алуу сунушталсын.

**4.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 9-октябрындагы № 557 “Кыргыз Республикасынын Финансылык программалоо модели жана аны пайдалануу боюнча колдонмо жөнүндө” токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 17-майындагы №239 “Кыргыз Республикасында мамлекеттик болжолдоонун системасын жана Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолдорун иштеп чыгуунун тартибин бекитүү жөнүндө” токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-майындагы №265 “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 17-майындагы №239 “Кыргыз Республикасында мамлекеттик болжолдоонун системасын жана Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолдорун иштеп чыгуунун тартибин бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №723***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

**ШАЙЛООЧУЛАРДЫ ЭСЕПКЕ АЛУУНУН БИРДИКТҮҮ ТУТУМУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү, жүргүзүү жана эсепке алуу тартибин жөнгө салуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8, 14-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Шайлоочуларды, референдумдун катышуучуларын эсепке алуунун бирдиктүү тутуму жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы №38 "Шайлоочулардын эсебин жүргүзүүнүн бирдиктүү тутуму жөнүндө Жобо тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 25-июлундагы №140 "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы №38 токтому менен бекитилген Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү системасы жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 30-июлундагы №150 "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы №38 токтому менен бекитилген Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү системасы жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 23-декабрындагы №497 "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шайлоочулардын тизмеси маселелери боюнча айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

5) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 29-августундагы №664 "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы №38 токтому менен бекитилген Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү системасы жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

6) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2024-жылдын 17-сентябрындагы №130 "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы №38 токтому менен бекитилген Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү системасы жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

7) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2024-жылдын 1-октябрындагы №155 "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомунун 4 пункту.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**ТӨРАГА** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-ноябры, №129***

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум*
*өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2025-жылдын 1-ноябрындагы*
*№129 токтомуна тиркеме*

# Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү тутуму жөнүндө ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү тутуму жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) маалыматтардын корголушун жана сакталышын, ошондой эле башка маалыматтык системалар жана сервистер менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу менен, мамлекеттик маалыматтык системаны пайдалануу аркылуу Кыргыз Республикасынын шайлоочуларынын, референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү, жүргүзүү, иштетүү, актуалдаштыруу, жаңыртуу жана эсепке алуу тартибин жөнгө салат.

2. Жобо "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамдарына, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө", "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө", "Электрондук колтамга жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

3. Жободо төмөнкү терминдер жана кыскартуулар колдонулат:

**Шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документ** – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспортторунун бардык түрлөрү (идентификациялык карта (ID), жалпы жарандык паспорт, дипломатиялык паспорт, кызматтык паспорт, "Түндүк" тиркемеси аркылуу түзүлгөн санариптик паспорт);

**Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү тутуму (ШЭБТ)** – Кыргыз Республикасында шайлоолор аралыгындагы мезгилде жана шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоочулар, референдумдун катышуучулары (мындан ары – шайлоочулар) тууралуу маалыматтарды түзүү, системалаштыруу, иштетүү, сактоо жана актуалдаштыруу, шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын тизмесин (мындан ары – шайлоочулардын тизмеси) түзүү, статистиканы жана отчётторду түзүү үчүн Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоого жана референдумдарга катышууга болгон шайлоо укуктарына кепилдиктерди камсыздоо максатында ишке ашырылуучу мамлекеттик маалыматтык тутум.

**Кыргыз Республикасынын калкынын бирдиктүү мамлекеттик реестри (мындан ары – калктын реестри)** - Кыргыз Республикасынын жарандары жана Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чегинен тышкары жерде туруктуу жашаган жарандыгы жок адамдар жөнүндө маалыматтарды жыйноо, сактоо, иштетүү, актуалдаштыруу жана талдоого арналган Кыргыз Республикасынын жарандарынын бирдиктүү автоматташтырылган жеке эсептеринин тутуму;

**Шайлоочулар** – шайлоо күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын жарандары;

**Дарек** – шайлоочунун туруктуу катталган жери болуп саналган, шайлоо округу жана шайлоо участогу аныкталган дареги;

**Шайлоо дареги** – "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында белгиленген тартипте билдирилген, шайлоочунун туруктуу жашаган жери болуп саналбаган, бирок ал добуш бергиси келгенин билдирген дареги;

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодогу көп мандаттуу шайлоо округу** – Жогорку Кеңештин үч депутаты шайлана турган, ошол эле учурда шайлоочу бир гана талапкерге добуш бере турган шайлоо округу;

**Бирдиктүү республикалык шайлоо округу** – Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагын камтыган Президентти шайлоо боюнча шайлоо округу;

**Жергиликтүү (айылдык) кеңештердин депутаттарын шайлоодогу көп мандаттуу шайлоо округу** – бир нече депутат шайлана турган жана алардын ар бири үчүн шайлоочулар жеке добуш бере турган шайлоо округу;

**Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодогу бирдиктүү шайлоо округу** – пропорционалдык система боюнча шаардык кеңештин депутаттарын шайлоо өткөрүлө турган административдик-аймактык бирдиктин – шаардын бүткүл аймагын камтыган шайлоо округу;

**Шайлоочунун, референдумдун катышуучусунун жеке маалыматтары** – шайлоочунун, референдумдун катышуучусунун жеке идентификациялык номерин, фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган күнүн, туруктуу жашаган жеринин дарегин камтыган, шайлоочунун инсандыгын ырастаган документтери электрондук чипте көрсөтүлгөн/жазылган маалыматтар;

**Туруктуу жашаган жери** – жашаган жеринин дарегин каттоо же болбосо калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан киргизилген жарандын паспортундагы каттоо белгиси менен тастыкталган жарандын Кыргыз Республикасынын аймагындагы жашаган жери;

**Шайлоочулардын тизмеси** – Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринин негизинде электрондук жана кагаз түрүндө түзүлүүчү, даяр болуу деңгээлине жана арналышына жараша алдын ала, контролдук жана биротоло бүткөн болуп бөлүнүүчү, добуш берүү күнүндө жигердүү шайлоо укугуна ээ Кыргыз Республикасынын жарандарынын тизмеси;

**Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар** – Кыргыз Республикасынын жарандарын каттоонун жана эсепке алуунун ар кандай формаларын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар;

**Шайлоочуларды, референдумдун катышуучуларын эсепке алуу** – Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарында жана ушул Жободо белгиленген негиздер боюнча жарандарды шайлоочулардын тизмесине киргизүү, андан чыгаруу, шайлоочулар тууралуу маалыматтарга өзгөртүүлөрдү киргизүү;

**Жергиликтүү жамааттын мүчөсү (жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо)** – тиешелүү айыл аймагынын, шаардын аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамаат менен жалпы кызыкчылыктары байланышкан Кыргыз Республикасынын жараны. Шайлоочунун жергиликтүү жамаатташ мүчөлүгү паспорттун чибинде жазылган жарандын паспортундагы жашаган жерин каттоо жөнүндөгү белги менен же болбосо добуш берүү күнүнө чейинки 60 күндөн кем эмес мөөнөттө Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспортторунун мамлекеттик реестринде жүргүзүлгөн жашаган жеринин дарегинин каттоосу менен аныкталат;

**Жергиликтүү жамааттын мүчөсү (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо)** – көп мандаттуу шайлоо округунун курамына киргизилген тиешелүү айыл аймагында, шаарда туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жараны. Шайлоочунун жергиликтүү жамааттагы мүчөлүгү паспорттун чибинде жазылган жарандын паспортундагы жашаган жерин каттоо жөнүндөгү белги менен же болбосо добуш берүү күнүнө чейинки 90 күндөн кем эмес мөөнөттө калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда жүргүзүлгөн жашаган жеринин дарегинин каттоосу менен аныкталат;

**Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;**

**Борбордук шайлоо комиссиясы** – Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясы;

**ОШК** – округдук шайлоо комиссиясы;

**АШК** – аймактык шайлоо комиссиясы;

**УШК** – участкалык шайлоо комиссиясы;

**ЖИН** – жеке идентификациялык номер;

**Аты-жөнү** – фамилиясы, аты, атасынын аты.

4. Шайлоочулар, референдумдун катышуучулары жөнүндө маалыматтар ШЭБТда калктын реестринен автоматтык түрдө жүктөп алуу жолу менен алынган маалыматтардын жана Кыргыз Республикасынын жарандарын каттоонун жана эсепке алуунун ар кандай формаларын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдар тарабынан берилген маалыматтардын негизинде түзүлөт.

5. Шайлоочулардын тизмеси мыйзамдарда белгиленген мөөнөттө бүткүл республика боюнча шайлоо участоктору боюнча электрондук тизме түрүндө түзүлөт жана жаңыланат:

– шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо мезгилинде – күн сайын;

– шайлоолор аралыгындагы мезгилде – ай сайын.

Электрондук тизмедеги ар бир жазуунун уникалдуу иреттик номери бар.

6. ШЭБТда камтылган шайлоочулар жөнүндөгү маалыматтарга өзгөртүүлөр калктын реестринде камтылган маалыматтардын жана Кыргыз Республикасынын жарандарын эсепке алуунун жана каттоонун ар кандай формаларын жүргүзүүчү башка ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын маалыматтарынын негизинде киргизилет.

ШЭБТда камтылган маалыматтарга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө себеби, тиешелүү жазуунун уникалдуу иреттик номери көрсөтүлөт, өзгөртүүлөрдү киргизүүгө багытталган аракеттер жөнүндө маалыматтык сакталышы камсыз кылынат. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан берилген өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү маалыматтардын кагаз нускасы кийинки шайлоолор өткөрүлгөнгө чейин сакталат.

7. ШЭБТда ар бир шайлоочуга карата ушул Жободо белгиленген тартипте түзүлгөн шайлоочулардын төмөнкү жеке маалыматтарынын жыйындысын камтыган бир гана туруктуу жазуу түзүлөт:

– ЖИН;

– аты-жөнү;

– туулган датасы;

– туруктуу жашаган жери – жашаган жеринин дарегинин каттоосу же болбосо калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан киргизилген жарандын паспортундагы каттоо белгиси менен тастыкталган жарандын Кыргыз Республикасынын аймагындагы жашаган жери.

8. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодогу жана бирдиктүү республикалык шайлоо округу боюнча референдумдагы шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүнө карата 18 жашка толгон, биометрикалык каттоодон өткөн, Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган/жүргөн, консулдук (убактылуу консулдук) каттоого турган Кыргыз Республикасынын жарандары киргизилет.

Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодогу шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ болгон, жергиликтүү жа-

**(Уландысы 7-бетте)**

# Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү тутуму жөнүндө ЖОБО

(Башталышы 6-бетте)

маттын мүчөсү болуп саналган жана биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын бардык жарандары киргизилет.

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодогу шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүнө карата 18 жашка толгон, биометрикалык каттоодон өткөн, тиешелүү жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп саналган Кыргыз Республикасынын жарандары киргизилет.

9. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган жана жүргөн, консулдук (убактылуу консулдук) каттоого турган жана биометрикалык каттоодон өткөн, кылмыштарды жасоого шектелүүчү жана/же айыпталуучу катары кармоочу жайларда турган шайлоочуларды, аскер бөлүктөрү жайгашкан чектерде жашаган, стационардык дарылоо-алдын алуу мекемелеринде жүргөн аскер кызматчыларын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн эсепке алуу Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмесин түзүү жана тактоо боюнча өз ара аракеттенүү тартиби жөнүндө жобосу ылайык жүзөгө ашырылат.

## 2. Шайлоочулардын тизмесин түзүү жана Шайлоочуларды эсеп алуунун бирдиктүү тутумундагы шайлоочулар тууралуу маалыматтарды тактоо тартиби

10. Шайлоочулардын алдын ала тизмеси шайлоо участокторунун чек араларын жана шайлоочулардын тизмесин түзүү мөөнөттөрүн эске алуу менен добуш берүү күнүнө карата 18 жашка толгон, биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын жарандары тууралуу маалыматтарды калктын реестринен автоматтык түрдө жүктөп алуу жолу менен калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан түзүлөт.

Шайлоочулардын алдын ала тизмеси "Тизме" мамлекеттик порталында Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону, референдумду өткөрүүдө добуш берүү күнүнө чейин 80 (сексен) календардык күн калганда, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо участоктору, райондор жана шаарлар боюнча добуш берүү күнүнө чейин 55 (элүү беш) календардык күн калганда, шайлоочунун ЖИН, туулган жана иш жүзүндө жашаган жери, туулган датасы жөнүндөгү маалыматты кошпостон таанышуу жана көрсөтүлгөн маалыматтарды тийиштүү тактоо, шайлоочулардын тизмесиндеги каталарды жана/же так эместиктерди аныктоо үчүн жайгаштырылат.

11. Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ушул Жобонун 1-тиркемесине ылайык шайлоо участокторунун чек араларын эске алуу менен шайлоочулардын алдын ала тизмесин калктын реестринен ШЭБТга, андан кийин добуш берүү күнүнө карата 18 жашка толгон, биометрикалык каттоодон өткөн жарандар жөнүндөгү маалыматтарды ШРКЭБТдан "Тизме" мамлекеттик порталына жүктөйт.

Алдын ала тизмелерди түзүү Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен форма боюнча жана Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарында белгиленген мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Борбордук шайлоо комиссиясына *.pdf, *.xls форматында түзүлгөн жана электрондук колтамга коюлган алдын ала тизмелерди электрондук алып жүрүүчүдө кошумча берет.

Мында электрондук колтамга коюлган электрондук алып жүрүүчүдө АШК/УШК боюнча шайлоочулардын тизмесинин сандык жана сапаттык курамы камтылган аналитикалык маалымат жөнөтүлөт. Ушундай эле маалымат шайлоочулардын тизмесин актуалдаштырууда да жөнөтүлөт.

Шайлоочулардын тизмесине төмөнкү жарандар киргизилбейт:
– добуш берүү күнүнө карата 18 жашка толбогондор;
– биометрикалык каттоодон өтпөгөндөр;
– каттоо дареги жоктор;
– Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандар;
– соттун мыйзамдуу күчүнө кирген айыптоо өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалгандар;
– сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылгандар;
– каза болгондор (өлгөндүгү тууралуу актты мамлекеттик каттоонун негизинде).

Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 75 (жетимиш беш) календардык күн калганда, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө – добуш берүү күнүнө чейин 50 (элүү) календардык күн калганда басып чыгаруу жана участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү үчүн шайлоочулардын алдын ала тизмесин округдук, аймактык шайлоо комиссияларына өткөрүп берет.

12. Участкалык шайлоо комиссиясы (мындан ары – УШК) добуш берүү күнүнө чейин 70 (жетимиш) календардык күн калганда, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө – добуш берүү күнүнө чейин 50 (элүү) календардык күн калганда шайлоочулар менен таанышуу үчүн шайлоочулардын алдын ала тизмесин илип коюуга милдеттүү.

13. Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 35 (отуз беш) календардык күн калгандан кечиктирбестен шайлоочулар жөнүндөгү актуалдаштырылган маалыматты камтыган шайлоочулардын контролдук тизмесин ШЭБТдан ушул Жобонун 2-тиркемесине ылайык форма боюнча басып чыгарып, УШКга жөнөтөт.

УШК добуш берүү күнүнө чейин 30 (отуз) календардык күн калганда шайлоочулар менен таанышуу үчүн шайлоочулардын контролдук тизмесин илүүгө милдеттүү. Контролдук тизме тиешелүү участок боюнча тизмеге киргизилген шайлоочулардын фамилиясынан, аты-жөнүнөн, атасынын атынан, ошондой эле ОШК/АШКнын аталышынан жана ОШК/АШКга байланган шайлоо участкасынын номеринен башка маалыматты камтыбоого тийиш.

14. Шайлоочулардын ката жана/же так эместик жөнүндө арыздарын (мындан ары – шайлоочулардын тизмесиндеги маалыматтарды тактоо жөнүндө арыз) кабыл алуу шайлоочулардын алдын ала тизмеси таанышуу үчүн илинген учурдан тартып башталат жана добуш берүү күнүнө чейин 15 (он беш) календардык күн калганда токтотулат.

Арыздар иштетилгенден кийин Борбордук шайлоо комиссиясы ушул Жобонун 3 жана 4-тиркемелерине ылайык шайлоочулардын биротоло тизмесин, ошондой эле ушул Жобонун 3-1-тиркемесине ылайык дистанттык шайлоо участокторунда добуш берүүгө катыша турган шайлоочулардын тизмесинин формасын түзүп, басып чыгаруу үчүн ОШК/АШКга өткөрүп берет.

Шайлоочулардын алдын ала, контролдук жана биротоло тизмелерин түзүүдө шайлоочулар жөнүндөгү маалыматтар калктын реестринде камтылган маалыматтар менен милдеттүү түрдө салыштырылууга жана актуалдаштырылууга тийиш.

15. Борбордук шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө 10 (он) календардык күн калганда шайлоочуларды идентификациялоо үчүн жабдуулардын комплекттерин даярдоо үчүн калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга шайлоочулардын биротоло тизмесин электрондук түрдө өткөрүп берет.

16. АШК добуш берүү күнүнө чейин 7 (жети) календардык күн калганда номерленген, көктөлгөн жана мөөр менен күбөлөндүрүлгөн шайлоочулардын биротоло тизмесин эки нускада тиешелүү УШКга өткөрүп берет. Мында илүүгө арналган ар бир шайлоо участогу боюнча кагаз жүзүндөгү шайлоочулардын биротоло тизмесинин экинчи нускасы биротоло тизмеге киргизилген шайлоочулардын жашаган жери жөнүндөгү маалыматты камтууга тийиш эмес. Шайлоочулардын биротоло тизмелеринде камтылган жеке маалыматтары тууралуу маалыматтарды берүү, көчүрүү же жарыялоо жолу менен ачыкка чыгаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти алып келет.

17. Тиешелүү УШКлар добуш берүү күнүнө чейин 7 (жети) календардык күн калгандан кечиктирбестен тиешелүү шайлоо участогунун кагаз жүзүндөгү шайлоочулардын биротоло тизмесинин экинчи нускасын шайлоо участокторуна илүүгө милдеттүү.

18. Илинген шайлоочулардын биротоло тизмесин фотовидеого тартууга чектөө коюлбайт.

19. Добуш берүү күнү шайлоочулардын биротоло тизмесине киргизилген шайлоочулар гана добуш берүүгө укуктуу.

20. Шайлоочулардын тизмесине ушул Жобонун 8-пунктунда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын жарандары киргизилет.

Шайлоочулар шайлоочулардын тизмесинен төмөнкү себептер боюнча чыгарылат:
– жашаган жери боюнча каттоо эсебинен чыгарылганда;
– соттун мыйзамдуу күчүнө кирген айыптоо өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып жатканда;
– сот тарабынан шайлоочу аракетке жөндөмсүз деп таанылганда;
– Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканда;
– өлгөндүгү жөнүндө актты мамлекеттик каттоо же жарандын өлдү деп жарыялоо жөнүндө соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечими менен тастыкталган өлүм.

## 3. Шайлоочулар жөнүндө маалыматтарды, шайлоочулардын тизмесиндеги маалыматтарды тактоо жөнүндө арыздарды кабыл алуу жана иштетүү тартиби

21. Ар бир шайлоочу шайлоочулардын тизмеси менен таанышкан учурдан тартып, бирок добуш берүү күнүнө чейин 15 (он беш) календардык күндөн кечиктирбестен, кандайдыр бир ката жана/же так эместик аныкталган учурда "Шайлоочунун кабинети" сервиси аркылуу электрондук форматта арыз берүүгө укуктуу. Электрондук форматта арыз берүү тартиби өзүнчө жобо менен аныкталат.

22. Шайлоочу тиешелүү УШКнын шайлоочуларынын тизмесинде жок болгон учурда УШКнын мүчөсү шайлоочуну "Тизме" мамлекеттик порталынан издейт. Эгерде шайлоочу башка УШКнын шайлоочуларынын тизмесине киргизилсе, УШКнын мүчөсү "Шайлоочунун кабинети" сервиси аркылуу электрондук форматта арыз берүүнү тариздейт.

Эгерде жаран биометрикалык каттоодон өткөн болсо, Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналса, бирок шайлоочулардын тизмесинде жок болсо, жаран ОШК/АШК/УШКга жана/же 1255 кыска номери аркылуу Борбордук шайлоо комиссиясынын Колл-борборуна же 119 кыска номери аркылуу калкты каттоо жана документтештирүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын Колл-борборуна кайрылышы зарыл.

23. Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, жарандарды идентификациялоо жана автоматтык эсептөөчү урналарды тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүчү ишке тартылган адамдардын, добуш берүү күнү коомдук тартипти камсыз кыла турган укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин, медицина кызматкерлеринин жана шайлоо участокторуна бекитилген башка адамдардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн тиешелүү шайлоо комиссияларынын төрагалары добуш берүү күнүнө чейин 15 (он беш) календардык күн калганда шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, жарандарды идентификациялоо жана автоматтык эсептөөчү урналарды тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүчү ишке тартылган адамдардын, добуш берүү күнү коомдук тартипти камсыз кыла турган укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин, шайлоо участокторуна бекитилген медицина кызматкерлеринин тизмесин түзүшөт жана тиешелүү шайлоо участогунун шайлоочуларынын тизмесине киргизүү үчүн тиешелүү уюмдардын, мекемелердин (ишканалардын) жетекчилеринин кызматкерлерди тиешелүү шайлоо участокторуна бекитүү жөнүндө буйруктарынын/тескемелеринин жана паспортторунун көчүрмөлөрүн тиркеп, УШК/АШКнын системдик администраторуна беришет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө тиешелүү шайлоо участогунун шайлоочуларынын тизмесине тиешелүү округдун шайлоочулары гана киргизилет.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө ушул пунктта көрсөтүлгөн шайлоочулар жөнүндө маалыматтар тиешелүү жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп саналган шайлоочуларга гана берилет.

24. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана шайлоо комиссияларынын төрагалары тарабынан берилген шайлоочулар жөнүндө маалыматтарды иштеп чыгуу Борбордук шайлоо комиссиясынын ОШК/АШКдагы системдик администратору тарабынан жүзөгө ашырылат.

Шайлоо аякталгандан кийин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана шайлоо комиссияларынын төрагаларынын маалыматтарынын негизинде шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулар паспортто көрсөтүлгөн туруктуу жашаган жери жөнүндө каттоо белгисине ылайык шайлоочулардын тизмесине киргизилет.

25. Шайлоочулардын тизмеси шайлоочулар менен таанышуу үчүн "Тизме" мамлекеттик порталында дайыма жеткиликтүү.

Шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде "Тизме" мамлекеттик порталында шайлоочулардын тизмеси күн сайын, ал эми шайлоолор аралыгындагы мезгилде – ай сайын жаңыртылат.

26. "Тизме" мамлекеттик порталында көрүү үчүн жеткиликтүү болгон шайлоочулардын тизмеси төмөнкү маалыматты камтыйт:
– УШКнын номери;
– шайлоочунун аты-жөнү;
– шайлоочунун көчүп-конуу тарыхы.

## 4. Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү тутумунун маалыматтарынын корголушу жана сакталышы

27. ШЭБТдагы жеке маалыматтар купуя мүнөздөгү маалыматка кирет.

28. Борбордук шайлоо комиссиясы уруксатсыз кирүүнү, жок кылууну, жайылтууну, өзгөртүүнү же жоготууну болтурбоо үчүн ШЭБТдагы жеке маалыматтардын сакталышын жана коопсуздугун камсыз кылат.

29. Кирүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясындагы ШЭБТнын администратору ОШК/АШКнын системдик администраторлоруна колдонуучунун идентификациялоону камсыздай турган жеке логин жана сыр сөз берет.

Тутумга кирүү үчүн жеке сыр сөз ШЭБТда биринчи авторизациялоодо алмаштырылууга тийиш. Логин жана сыр сөз үчүнчү жактарга өткөрүлүп берилбөөгө, ачыкка чыгарылбоого тийиш. Колдонуучулардын бардык иш-аракеттери тутумда катталат (логтолот). Тутумдагы бардык колдонуучулардын иш-аракеттеринин толук тарыхы сакталат.

30. ШЭБТга кирүү укугу ШЭБТны коштоо, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана төмөн турган шайлоо комиссиялары тарабынан берилген маалыматтарды, ошондой эле шайлоочулардын шайлоочулардын тизмесиндеги маалыматтарды тактоо жөнүндөгү арыздарын иштеп чыгуу үчүн жеке маалыматтар менен иштөөгө тиешелүү уруксат формасы бар Борбордук шайлоо комиссиясынын кызматкерлерине берилет.

31. ШЭБТга кирүү укугун каттоо жана берүү жол-жобосу маалыматтык коопсуздук саясатына ылайык жүзөгө ашырылат.

32. Ушул Жобонун 30-пунктунда көрсөтүлгөн кызматкерлерден башка кызматкерлерге ШЭБТга кирүүгө тыюу салынат. Ушул пункт бузулган учурда кызматтык текшерүү дайындалат. Кызматтык текшерүүлөрдү жүргүзүү жол-жобосу Маалыматтык коопсуздук саясатына ылайык жүргүзүлөт.

33. Колдонуучунун бардык иш-аракеттери сессиянын датасын, убактысын, колдонуучунун аты-жөнүн жана логинин көрсөтүү менен ШЭБТда сөзсүз түрдө катталат жана сакталат.

34. 30, 31, 32-пункттарда көрсөтүлгөн тартип бузуу фактылары жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясынын жетекчилигине 24 сааттын ичинде билдирилет.

35. Калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан Борбордук шайлоо комиссиясына файлдарды электрондук байланыш каналдары аркылуу, ошондой эле алардын бүтүндүгүн жана юридикалык маанисин камсыздоо үчүн тышкы маалымат ташуучуларда өткөрүп берүүдө өткөрүлүп берүүчү файлдарга өткөрүп берүүчү тараптын ыйгарымдуу адамдары булут электрондук колтамгасын колдонуу менен кол коюшат.

36. Кыргыз Республикасынын жарандарын каттоонун жана эсепке алуунун ар кандай формаларын жүзөгө ашыруучу Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын, мекемелеринин жана уюмдарынын жетекчилери берилген маалыматтардын өз убагында берилбегендиги, так эместиги, толук эместиги, анык эместиги жана бурмалангандыгы үчүн, ошондой эле жеке мүнөздөгү маалыматка кирген маалыматтарды уруксатсыз ачыкка чыгаргандыгы жана тараткандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

(Уландысы 8-бетте)

(Башталышы 7-бетте)

*1-тиркеме*

*Приложение 1*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН/ ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫН/ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО/ РЕФЕРЕНДУМДА ШАЙЛООЧУЛАРДЫН АЛДЫН АЛА ТИЗМЕСИ**

**ПРЕДВАРИТЕЛЬНЫЙ СПИСОК ИЗБИРАТЕЛЕЙ НА ВЫБОРАХ ПРЕЗИДЕНТА/ДЕПУТАТОВ ЖОГОРКУ КЕНЕША/ДЕПУТАТОВ МЕСТНЫХ КЕНЕШЕЙ/НА РЕФЕРЕНДУМЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

«___»____________20___жыл/год

______________________________________________________________
Округдук/аймактык шайлоо комиссиясы /
Окружная/территориальная избирательная комиссия

№___________________________________шайлоо участогу / избирательный участок
(УШКнын жайгашкан жери / местонахождение УИК)

| № к/н п/п | Аты-жөнү / ФИО | Туулган датасы / Дата рождения* |
|---|---|---|
| 1 | | |
| 2 | | |
| 3 | | |
| 4 | | |
| 5 | | |
| 6 | | |
| 7 | | |
| 8 | | |
| 9 | | |
| 10 | | |

*18 жашка толгон шайлоочулардын туулган күнү / Число, месяц, год рождения избирателей, достигших 18 лет

Бет №____
Страница №____

№___________________________________шайлоо участогу / избирательный участок
(УШКнын жайгашкан жери / местонахождение УИК)

Шайлоочулардын алдын ала тизмесинде ___________барак
В предварительном списке избирателей ___________листов

_____________________________________ М.О. М.П. ____________
(ОШК/АШКнын төрагасынын аты-жөнү / ФИО председателя ОИК/ТИК) (колу / подпись)

Беттин жалпы саны / Всего страниц

*2-тиркеме*

*Приложение 2*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН/ ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫН/ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО/ РЕФЕРЕНДУМДА ШАЙЛООЧУЛАРДЫН КОНТРОЛДУК ТИЗМЕСИ**

**КОНТРОЛЬНЫЙ СПИСОК ИЗБИРАТЕЛЕЙ НА ВЫБОРАХ ПРЕЗИДЕНТА/ДЕПУТАТОВ ЖОГОРКУ КЕНЕША/ДЕПУТАТОВ МЕСТНЫХ КЕНЕШЕЙ/НА РЕФЕРЕНДУМЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

«___»____________20___жыл/год

______________________________________________________________
Округдук/аймактык шайлоо комиссиясы/
Окружная/территориальная избирательная комиссия

№___________________________________шайлоо участогу / избирательный участок
(УШКнын жайгашкан жери / местонахождение УИК)

| № к/н п/п | Аты-жөнү / ФИО |
|---|---|
| 1 | |
| 2 | |
| 3 | |
| 4 | |
| 5 | |
| 6 | |
| 7 | |
| 8 | |
| 9 | |
| 10 | |

Бет №____
Страница №____

№___________________________________шайлоо участогу / избирательный участок
(УШКнын жайгашкан жери / местонахождение УИК)

Шайлоочулардын контролдук тизмесинде ___________барак
В контрольном списке избирателей ___________листов

_____________________________________ М.О. М.П. ____________
(ОШК/АШКнын төрагасынын аты-жөнү / ФИО председателя ОИК/ТИК) (колу /подпись)

Беттин жалпы саны / Всего страниц

*3-тиркеме*

*Приложение 3*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН/ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫН/ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО/РЕФЕРЕНДУМДА ШАЙЛООЧУЛАРДЫН БИРОТОЛО ТИЗМЕСИ**

**ОКОНЧАТЕЛЬНЫЙ СПИСОК ИЗБИРАТЕЛЕЙ НА ВЫБОРАХ ПРЕЗИДЕНТА/ДЕПУТАТОВ ЖОГОРКУ КЕНЕША/ ДЕПУТАТОВ МЕСТНЫХ КЕНЕШЕЙ/НА РЕФЕРЕНДУМЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

«___»____________20___жыл/год

______________________________________________________________
Округдук/аймактык шайлоо комиссиясы / Окружная/территориальная избирательная комиссия

№_____________________________________________шайлоо участогу / избирательный участок
(УШКнын жайгашкан жери/местонахождение УИК)

| № к/н п/п | Аты-жөнү / ФИО | Туулган жылы / Дата рождения | Туруктуу жашаган жеринин дареги / Адрес постоянного места жительства (паспорт) | Паспорт (серия, номер) | Шайлоочунун колтамгасы / Подпись избирателя | УШКнын жооптуу мүчөсүнүн колтамгасы / Подпись ответственного члена УИК | Өзгөчө белгилер / Особые отметки |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | |
| 3 | | | | | | | |
| … | | | | | | | |

*18 жашка толгон шайлоочулардын туулган күнү, айы, жылы / Число, месяц, год рождения избирателей, достигших 18 лет

а)-☐☐ б)-☐☐ в)-☐☐

_____________________________________________________ ___________
(участкалык шайлоо комиссиясынын жооптуу мүчөсүнүн аты-жөнү/ ФИО ответственного члена участковой избирательной комиссии) (подпись)

(Уландысы 9-бетте)

(Башталышы 8-бетте)

| № к/н п/п | Аты-жөнү / ФИО | Туулган жылы / Дата рождения | Туруктуу жашаган жеринин дареги / Адрес постоянного места жительства (паспорт) | Паспорт (серия, номер) | Шайлоочунун колтамгасы / Подпись избирателя | УШКнын жооптуу мүчөсүнүн колтамгасы / Подпись ответственного члена УИК | Өзгөчө белгилер / Особые отметки |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| … | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |

*18 жашка толгон шайлоочулардын туулган күнү, айы, жылы / Число, месяц, год рождения избирателей, достигших 18 лет

а)- ☐☐ б)- ☐☐ в)- ☐☐

_______________________________________________________ _____________
(участкалык шайлоо комиссиясынын жоопту мүчөсүнүн аты-жөнү / ФИО ответственного члена участковой избирательной комиссии) (подпись)

**Бул тизмеде / В настоящем списке N+1 барак/листов**

### КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ! ДОБУШ БЕРҮҮ АЯКТАГАНДАН КИЙИН УЧАСТКАЛЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ ШАЙЛОО УЧАСТОКТОРУ БОЮНЧА ТӨМӨНКҮДӨЙ ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МААЛЫМАТТАРДЫ КИРГИЗҮҮГӨ МИЛДЕТТҮҮ:

### ВНИМАНИЕ! ПОСЛЕ ЗАВЕРШЕНИЯ ГОЛОСОВАНИЯ УЧАСТКОВАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ОБЯЗАНА ВНЕСТИ СЛЕДУЮЩИЕ ИТОГОВЫЕ ДАННЫЕ ПО ИЗБИРАТЕЛЬНОМУ УЧАСТКУ:

**а-** ☐☐☐☐ - добуш берүү жайында шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны (добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш бергендиги тууралуу белги менен колтамгаларды эсепке албаганда шайлоочулардын тизмесиндеги шайлоочулардын колтамгаларынын саны боюнча белгиленет) / число избирателей, получивших избирательные бюллетени в помещении для голосования (устанавливается по числу подписей избирателей в списке избирателей без учета подписей с отметками о голосовании вне помещения для голосования);

**б-** ☐☐☐☐ - жайдан тышкары добуш берүү үчүн бюллетень алган шайлоочулардын саны (шайлоочулардын тизмесиндеги тийиштүү белгилердин саны боюнча белгиленет) / число избирателей, получивших бюллетени для голосования вне помещения (устанавливается по числу соответствующих отметок в списке избирателей);

**в-** ☐☐☐☐ - шайлоолорго катышкан шайлоочулардын саны («а» жана «б» суммасы катары шайлоочулардын колтамгаларынын саны боюнча белгиленет) / число избирателей, принявших участие в выборах (устанавливается по числу подписей избирателей как сумма, «а» и «б»);

Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз санаардын алдында шайлоочуларды каттоого жооптуу болгон участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ар бир барактын аягында жайгашкан «а», «б» жана «в» квадраттарына беттер боюнча тийиштүү жалпы маалыматтарды киргизүүгө милдеттүү: / Перед непосредственным подсчетом голосов избирателей члены участковой избирательной комиссии, ответственные за регистрацию избирателей, обязаны внести в квадраты «а», «б» и «в», расположенные внизу каждой страницы, соответствующие суммарные данные по странице:

а) - ☐☐ б) - ☐☐ в) - ☐☐

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| - добуш берүү жайында шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны б) боюнча добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш бергендиги тууралуу белги менен колтамгаларды эсепке албаганда шайлоочулардын тизмесиндеги шайлоочулардын колтамгаларынын саны боюнча белгиленет)<br>- число избирателей, получивших избирательные бюллетени в помещении для голосования (устанавливается по числу подписей избирателей без учета подписей с отметками о голосовании вне помещения для голосования по странице) | | - жайдан тышкары добуш берүү үчүн бюллетень алган шайлоочулардын саны (шайлоочулардын тизмесиндеги тийиштүү белгилердин саны боюнча белгиленет)<br>- число избирателей, получивших бюллетени для голосования вне помещения (устанавливается по числу соответствующих отметок по странице) | | - шайлоолорго катышкан шайлоочулардын саны («а» жана «б» суммасы катары шайлоочулардын колтамгаларынын саны боюнча белгиленет)<br>- число избирателей, принявших участие в выборах (устанавливается по числу подписей избирателей как сумма, «а» и «б») |

Ар бир бетке ушул суммалык маалыматтар киргизилгенден кийин шайлоочулардын тизмесине шайлоочуларды каттоого жооптуу участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү кол коёт жана шайлоочулардын тизмеси участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына берилет.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы шайлоочулардын тизмесинин а), б) жана в) бардык беттери боюнча тийиштүү түрдө маалыматтарды жалпылайт жана жыйынтыктоочу маалыматтарды шайлоочулардын тизмесинин биротоло бетиндеги «а», «б», «в» квадраттарына киргизет. /

После внесения этих суммарных данных каждая страница списка избирателей подписывается ответственными за регистрацию избирателей членами участковой избирательной комиссии, и список избирателей передается председателю участковой избирательной комиссии.

Председатель и секретарь участковой избирательной комиссии суммируют соответственно данные, а) б) и в) по всем страницам списка избирателей, и вносят итоговые данные на последнюю страницу списка избирателей в квадраты «а», «б», «в».

_______________________________________________ _____________________________
УШКнын төрагасынын аты-жөнү/ФИО председателя УИК **М.О./М.П.** Дата жана колтамга/Дата и подпись

_______________________________________________ _____________________________
УШКнын катчысынын аты-жөнү/ФИО секретаря УИК **М.О./М.П.** Дата жана колтамга/Дата и подпись

_______________________________________________ _____________________________
ОШК/АШКнын төрагасынын аты-жөнү/ ФИО председателя ОИК/ТИК **М.О./М.П.** Дата жана колтамга/Дата и подпись

(Уландысы 10-бетте)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

(Башталышы 9-бетте)

*3а тиркемеси*

*Приложение 3а*

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН/ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫН/ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО/РЕФЕРЕНДУМДА АРАЛЫКТАН ДОБУШ БЕРҮҮ АРКЫЛУУ ДОБУШ БЕРҮҮГӨ КАТЫШКАН ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

## СПИСОК ИЗБИРАТЕЛЕЙ, ПРИНЯВШИХ УЧАСТИЕ В ГОЛОСОВАНИИ В ДИСТАНЦИОННОМ ФОРМАТЕ НА ВЫБОРАХ ПРЕЗИДЕНТА/ДЕПУТАТОВ ЖОГОРКУ КЕНЕША/ДЕПУТАТОВ МЕСТНЫХ КЕНЕШЕЙ/НА РЕФЕРЕНДУМЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

«___»____________20___жыл/год

______________________________________________________________________________
Округдук/аймактык шайлоо комиссиясы / Окружная/территориальная избирательная комиссия

№__________________________________________шайлоо участогу/ избирательный участок
(УШКнын жайгашкан жери / местонахождение УИК)

| № к/н п/п | ЖИН / ПИН | Чектин № /№ чека | Туруктуу жашаган жери боюнча УШК номери / Номер УИК по месту постоянного места жительства | Шайлоочунун колтамгасы / Подпись избирателя | Өзгөчө белгилер / Особые отметки |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |
| … | | | | | |

а)-☐☐ б)-☐☐ в)-☐☐

_____________________________________________________ ___________
(участкалык шайлоо комиссиясынын жоопту мүчөсүнүн аты-жөнү / ФИО ответственного члена участковой избирательной комиссии) (подпись)

| № к/н п/п | ЖИН / ПИН | Чектин № /№ чека | Туруктуу жашаган жери боюнча УШК номери / Номер УИК по месту постоянного места жительства | Шайлоочунун колтамгасы / Подпись избирателя | Өзгөчө белгилер / Особые отметки |
|---|---|---|---|---|---|
| … | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| N… | | | | | |

а)-☐☐ б)-☐☐ в)-☐☐

_____________________________________________________ ___________
(участкалык шайлоо комиссиясынын жоопту мүчөсүнүн аты-жөнү / ФИО ответственного члена участковой избирательной комиссии) (подпись)

**Бул тизмеде / В настоящем списке N+1 барак/листов**

### КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ! ДОБУШ БЕРҮҮ АЯКТАГАНДАН КИЙИН УЧАСТКАЛЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ ШАЙЛОО УЧАСТОКТОРУ БОЮНЧА ТӨМӨНКҮДӨЙ ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МААЛЫМАТТАРДЫ КИРГИЗҮҮГӨ МИЛДЕТТҮҮ:

### ВНИМАНИЕ! ПОСЛЕ ЗАВЕРШЕНИЯ ГОЛОСОВАНИЯ УЧАСТКОВАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИИЯ ОБЯЗАНА ВНЕСТИ СЛЕДУЮЩИЕ ИТОГОВЫЕ ДАННЫЕ ПО ИЗБИРАТЕЛЬНОМУ УЧАСТКУ:

**а-** ☐☐☐☐ - добуш берүү жайында шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны (добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш бергендиги тууралуу белги менен колтамгаларды эсепке албаганда шайлоочулардын тизмесиндеги шайлоочулардын колтамгаларынын саны боюнча белгиленет) / число избирателей, получивших избирательные бюллетени в помещении для голосования (устанавливается по числу подписей избирателей в списке избирателей без учета подписей с отметками о голосовании вне помещения для голосования);

**б-** ☐☐☐☐ - жайдан тышкары добуш берүү үчүн бюллетень алган шайлоочулардын саны (шайлоочулардын тизмесиндеги тийиштүү белгилердин саны боюнча белгиленет) / число избирателей, получивших бюллетени для голосования вне помещения (устанавливается по числу соответствующих отметок в списке избирателей);

**в-** ☐☐☐☐ - шайлоолорго катышкан шайлоочулардын саны («а» жана «б» суммасы катары шайлоочулардын колтамгаларынын саны боюнча белгиленет) / число избирателей, принявших участие в выборах (устанавливается по числу подписей избирателей как сумма, «а» и «б»);

Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз санаардын алдында шайлоочуларды каттоого жооптуу болгон участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ар бир барактын аягында жайгашкан «а», «б» жана «в» квадраттарына беттер боюнча тийиштүү жалпы маалыматтарды киргизүүгө милдеттүү: / Перед непосредственным подсчетом голосов избирателей члены участковой избирательной комиссии, ответственные за регистрацию избирателей, обязаны внести в квадраты «а», «б» и «в», расположенные внизу каждой страницы, соответствующие суммарные данные по странице:

**а) -** ☐☐

- добуш берүү жайында шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны б) боюнча добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш бергендиги тууралуу белги менен колтамгаларды эсепке албаганда шайлоочулардын тизмесиндеги шайлоочулардын колтамгаларынын саны боюнча белгиленет)
- число избирателей, получивших избирательные бюллетени в помещении для голосования (устанавливается по числу подписей избирателей без учета подписей с отметками о голосовании вне помещения для голосования по странице)

**б) -** ☐☐

- жайдан тышкары добуш берүү үчүн бюллетень алган шайлоочулардын саны (шайлоочулардын тизмесиндеги тийиштүү белгилердин саны боюнча белгиленет)
- число избирателей, получивших бюллетени для голосования вне помещения (устанавливается по числу соответствующих отметок по странице)

**в) –** ☐☐

- шайлоолорго катышкан шайлоочулардын саны («а» жана «б» суммасы катары шайлоочулардын колтамгаларынын саны боюнча белгиленет)
- число избирателей, принявших участие в выборах (устанавливается по числу подписей избирателей как сумма, «а» и «б»)

Ар бир бетке ушул жалпы маалыматтар киргизилгенден кийин шайлоочулардын тизмесине шайлоочуларды каттоого жооптуу участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү кол коёт жана шайлоочулардын тизмеси участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына берилет.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы шайлоочулардын тизмесинин а), б) жана в) бардык беттери боюнча тийиштүү түрдө маалыматтарды жалпылайт жана жыйынтыктоочу маалыматтарды шайлоочулардын тизмесинин биротоло бетиндеги «а», «б», «в» квадраттарына киргизет. /

После внесения этих суммарных данных каждая страница списка избирателей подписывается ответственными за регистрацию избирателей членами участковой избирательной комиссии, и список избирателей передается председателю участковой избирательной комиссии.

Председатель и секретарь участковой избирательной комиссии суммируют соответственно данные, а) б) и в) по всем страницам списка избирателей, и вносят итоговые данные на последнюю страницу списка избирателей в квадраты «а», «б», «в».

_____________________________________________________
УШКнын төрагасынын аты-жөнү/ФИО председателя УИК — М.О. / М.П. — ______________________________ Дата жана колтамга/Дата и подпись

_____________________________________________________
УШКнын катчысынын аты-жөнү/ФИО секретаря УИК — М.О. / М.П. — ______________________________ Дата жана колтамга/Дата и подпись

_____________________________________________________
ОШК/АШКнын төрагасынын аты-жөнү/ФИО председателя ОИК/ТИК — М.О. / М.П. — ______________________________ Дата жана колтамга/Дата и подпись

(Уландысы 11-бетте)

(Башталышы 10-бетте)

*4-тиркеме*

*Приложение 4*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН/ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫН/ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО/ РЕФЕРЕНДУМДА ШАЙЛООЧУЛАРДЫН БИРОТОЛО ТИЗМЕСИ**

**ОКОНЧАТЕЛЬНЫЙ СПИСОК ИЗБИРАТЕЛЕЙ НА ВЫБОРАХ ПРЕЗИДЕНТА/ДЕПУТАТОВ ЖОГОРКУ КЕНЕША/ДЕПУТАТОВ МЕСТНЫХ КЕНЕШЕЙ/НА РЕФЕРЕНДУМЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

«___» ____________20___жыл/год

______________________________________________________________________
Округдук/аймактык шайлоо комиссиясы / Окружная/территориальная избирательная комиссия

№______________________________________шайлоо участогу / избирательный участок
(УШКнын жайгашкан жери / местонахождение УИК)

| № к/н п/п | Аты-жөнү / ФИО |
|---|---|
| | |
| 1 | |
| 2 | |
| 3 | |
| 4 | |
| 5 | |
| 6 | |
| 7 | |
| 8 | |
| 9 | |
| 10 | |

Бет №____
Страница №____

№_____________________________________________шайлоо участогу / избирательный участок
(УШКнын жайгашкан жери / местонахождение УИК)

Шайлоочулардын алдын ала тизмесинде __________барак
В предварительном списке избирателей __________листов

_____________________________________ _______________
(ОШК/АШКнын төрагасынын аты-жөнү/ ФИО председателя ОИК/ТИК) М.О. М.П. (колтамгасы/подпись)

Беттин жалпы саны / Всего страниц

**КЫДЫРАЛИЕВ УМБЕТАЛЫ ТОКТОРАЛИЕВИЧТИ №23 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 14-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына У.Т. Кыдыралиевден №23 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу нияти жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 22-октябрында У.Т. Кыдыралиев 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ У.Т. Кыдыралиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 1-ноябрындагы №23 шайлоо округу боюнча Кыдыралиев Умбеталы Токторалиевичти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Кыдыралиев Умбеталы Токторалиевич №23 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №23 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер У.Т. Кыдыралиевге белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-ноябры, №763***

**ХАНДЖЕЗА КАРИМ ЛЕМЗАРОВИЧТИ №18 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 15-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына К.Л. Ханджезадан №18 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу нияти жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 27-октябрында К.Л. Ханджеза 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ К.Л. Ханджезанын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 1-ноябрындагы №18 шайлоо округу боюнча Ханджеза Карим Лемзаровичти Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Ханджеза Карим Лемзарович №18 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №18 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер К.Л. Ханджезага белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан сунушталган шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 1-ноябры, №764***

**АЗЫГАЛИЕВ НУРЛАНБЕК АСАНБЕКОВИЧТИ №17 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 21-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Н.А. Азыгалиевден №17 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу нияти жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 22-октябрында Н.А. Азыгалиев 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ Н.А. Азыгалиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

